*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук статистика комитети*

***Экспресс-маалымат***
2018-жылдын 10-декабры

## Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын январь-ноябрындагы социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү

*(млн. сом)*

| | **Иш жүзүндө** | **2018 январ-ноябры 2017[1] январ-ноябрына карата пайыз менен** | **Маалымдама: 2017[1] январ-ноябры 2016 январ-ноябрына карата пайыз менен** | **Айырмачылык (+, - ), пайыздык пункт** |
|---|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо) | 474529,7 | 103,1 | 103,7 | -0,6 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 428801,6 | 103,2 | 103,5 | -0,3 |
| Өнөр жай продукциясынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 221080,2 | 104,9 | 112,7 | -7,8 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 133359,0 | 108,4 | 121,6 | -13,2 |
| Пайдалуу кендерди казуу | 13640,6 | 107,8 | 185,3 | -77,5 |
| Иштетүү өндүрүшү | 172192,9 | 104,4 | 108,5 | -4,1 |
| Электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 32825,4 | 104,6 | 110,0 | -5,4 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 2421,3 | 131,5 | 106,8 | +24,7 |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукциясы | 195932,0 | 102,4 | 102,2 | +0,2 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестиция (капиталдык салымдар) | 124179,4 | 106,3 | 103,1 | +3,2 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 124350,8 | 108,4 | 104,5 | +3,9 |

| | Иш жүзүндө | 2018 январь-ноябры 2017[1] январь-ноябрына карата пайыз менен | Маалымдама: 2017[1] январь-ноябры 2016 январь-ноябрына карата пайыз менен | Айырмачылык (+, - ), пайыздык пункт |
|---|---|---|---|---|
| Дүң жана чекене сооданын жалпы көлөмү, автоунааларды жана мотоциклдерди ондоо | 452644,1 | 105,1 | 106,1 | -1,0 |
| анын ичинде автоунааларды жана мотоциклдерди сатуудан тышкары чекене соода | 234248,0 | 103,9 | 105,3 | -1,4 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 20300,3 | 107,3 | 108,3 | -1,0 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуу, миң тонна | 29623,8 | 103,3 | 102,4 | +0,9 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуу, млн. адам | 664,2 | 102,9 | 103,6 | -0,7 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 660,8 | 101,2 | 102,0 | -0,8 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 20990,9 | 92,3 | 76,9 | +15,4 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 101,6 | 103,1 | -1,5 |
| - 2017-ж. декабрына карата | 99,8 | | | |
| - 2017-ж. октябрына карата | 100,5 | | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 70,1 | 115,2 | 108,8 | +6,4 |
| Бир кызматкердин номиналдык орточо айлык эмгек акысы[3], сом | 15778 | 106,1 | 106,9 | -0,8 |
| Тышкы соода жүгүртүү[4] | 5375,3 | 106,7 | 110,9 | -4,2 |
| анын ичинде ЕАЭБга мүчө мамлекеттер | 1900,2 | 96,0 | 115,0 | -19,0 |
| Экспорт[4], млн. АКШ доллары | 1322,0 | 98,4 | 110,0 | -11,6 |
| анын ичинде ЕАЭБга мүчө мамлекеттер | 466,1 | 101,2 | 120,4 | -19,2 |
| Импорт[4], млн. АКШ доллары | 4053,3 | 109,8 | 111,3 | -1,5 |
| анын ичинде ЕАЭБга мүчө мамлекеттер | 1434,1 | 94,5 | 113,5 | -19,0 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] 2018-ж.январь-октябры (чакан ишканаларды эсепке албаганда).
[4] 2018-ж. январь-октябры (алдын-ала маалыматтар боюнча).

**Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын январь-ноябрындагы экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жыйынтыктарына кыскача түшүндүрмөлөр**

**Ички дүң продукт.** Үстүбүздөгү жылдын январь-ноябрында ички дүң продуктунун көлөмү 474,5 млрд. сомду түздү жана өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 3,1 пайызга жогорулады. ИДПнын түзүмүндө эң жогорку үлүш кызмат көрсөтүү тармагына туура келди, ал анын жалпы көлөмүнүн 45 пайыздан көбүн, өнөр жай - 19 пайызды, айыл чарба - 13 пайызды жана курулуш 8 пайызды түздү. «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда, ИДПнын көлөмү 2018-жылдын. январь-ноябрында 428,8 миллиард сомду түздү жана 3,2 пайызга өстү.

**Өнөр жай.** 2018-жылдын январь-ноябрында өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмдөрүнүн өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 4,9 пайызга төмөндөшү пайдалуу кендерди казуунун - 7,8 пайызга, ошондой эле баалуу металлдарды өндүрүүнүн 2,2 пайызга өсүшүнүн эсебинен камсыздалды.

«Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда, өндүрүштүн көлөмү 8,4 пайызга өстү. Муну менен бирге өсүү мунайзат продуктуларын өндүрүүдө (12,5 пайызга), текстиль өндүрүшүндө (10,2 пайызга), кийим өндүрүүдө (20,0 пайызга), резина жана пластмасса буюмдарын (23,4 пайызга) жана башка металл эмес минералдык продуктулардын (10,1 пайызга) өндүрүүдө камсыз болду.

Электр энергиясын өндүрүүнүн жана берүүнүн өсүшүнүн эсебинен электр энергия, газ жана буу менен камсыз кылуунун көлөмү 2017-жылдын январь-ноябрындагы деңгээлинен 4,6 пайызга жогорулады.

**Айыл чарба.** Айыл чарба азыктарын дүң чыгаруунун көлөмүнүн өткөн жылдын январь-ноябрына салыштырмалуу өсүшү мал чарбасынын (2,1 пайызга) жана өсүмдүк өстүрүүчүлүктүн продукцияларын (2,6 пайызга) өндүрүүнүн көбөйүшү менен шартталды.

**Курулуш.** Негизги капиталга инвестициялардын көлөмүнүн 2017-ж. январь-ноябрына салыштырмалуу өсүшү электр энергия, газ жана кондиционирленген аба менен камсыздоо (жабдуу), мейманканалар жана ресторандар, ошондой эле маалымат жана байланыш чөйрөлөрүнүн объекттеринин курулушунан сырткары, ишмердиктин көпчүлүк түрлөрүндө белгиленди.

Ички булактардын эсебинен каржылана турган инвестициялардын көлөмдөрү ушул мезгил үчүн 19,9 пайызга өстү, ал эми тышкылардан, тескерисинче, 18,3 пайызга төмөндөдү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-ноябрында негизги көлөм (инвестициялардын жалпы көлөмүнүн 78 пайыздан көбү) пайдалуу кендерди казуу, иштетүү өндүрүшү, электр энергия, газ жана буу менен камсыздоо (жабдуу), транспорт ишмердиги жана турак жай курулушунун объекттерин курууга багытталды.

**Соода.** Дүң жана чекене соода жүгүртүүнүн, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоонун 2017-ж. январь-ноябрына салыштырмалуу көбөйүшү дүң (8,8 пайызга) жана чекене соодaнын (3,9 пайызга) өсүшүнүн эсебинен камсыздалды.

**Эмгек акы.** Үстүбүздөгү жылдын январь-ноябрында, мейманканалар жана ресторандардын ишмердиги чөйрөсүндөгү ишканалардан жана уюмдардан башка, экономикалык ишмердиктин бардык түрлөрүндөгү ишканаларда жана уюмдарда орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин жогорулаганадыгы байкалды.

Орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин эң олуттуу жогорулашы маалымат жана байланыш чөйрөсүндө (14,6 пайызга), курулуш (12,8 пайызга), мамлекеттик башкаруу жана коргоо; милдеттүү социалдык камсыздоо (11,0 пайызга), башка тейлөө ишмердиктер (10,0 пайызга), дүң жана чекене соода, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоо (9,1 пайызга), кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик (8,7 пайызга), ошондой эле кыймылсыз мүлк операциялар чөйрөсүндө (8,6 пайызга), байкалды.

**Баалар.** Үстүбүздөгү жылдын ноябрында өткөн айга салыштырмалуу республика боюнча бүтүндөй керектөө бааларынын жана тарифтеринин өсүшү 0,7 пайызды түздү. Муну менен бирге, тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын баалары бир пайызга өстү, азык-түлүк эмес товарлардын баалары – 0,8 пайызга, алкоголдук ичимдиктердин жана тамекинин баалары – 0,5 пайызга өстү. Ушул эле учурда, калкка көрсөтүлө турган кызматтарга тарифтердин бир аз (0,1 пайызга) төмөндөгөнү белгиленди.

Үстүбүздөгү жылдын ноябрында керектөө бааларынын жана тарифтеринин өткөн айга салыштырмалуу жогорулашы республиканын бардык аймактарында байкалды, муну менен бирге алардын эң олуттуу өсүшү (1,3 пайыз) Жалал-Абад облусунда катталды.

Үстүбүздөгү жылдын ноябрында өткөн жылдын декабрына салыштырмалуу бүтүндөй республика боюнча керектөө бааларынын жана тарифтеринин 0,2 пайызга төмөндөгөнү белгиленди, бул, негизинен, алардын тамак-аш азыктарына жана алкоголсуз суусундуктарга 3,9 пайызга төмөндөгөнү менен шартталды. Муну менен катар, үстүбүздөгү жылдын январь-ноябрында керектөө баалары жана тарифтери алкоголдук ичимдиктерге жана тамекиге - 6,4 пайызга, кызматтарга – 4,1 пайызга, азык-түлүк эмес товарларга – 1,1 пайызга өстү.

Үстүбүздөгү жылдын ноябрында өткөн жылдын декабрына салыштырмалуу керектөө бааларынын жана тарифтеринин жогорулашы Нарын (2,6 пайызга), Ош (1,7 пайызга), Ысык-Көл (0,9 пайызга) жана Жалал-Абад (0,4 пайызга) облустарында, ошондой эле Ош шаарында (0,3 пайызга) катталды. Муну менен бирге, республиканын байрдык аймактарында тамак-аш азыктарына жана алкоголсуз суусундуктарга керектөө бааларынын төмөндөгөнү, ал эми кызматтарга жана алкоголдук ичимдиктерге жана тамекиге алардын жогорулагандыгы катталды. Үстүбүздөгү жылдын башынан тартып, азык-түлүк эмес товарларга баалардын Жалал-Абад (0,4 пайызга) жана Талас (0,7 пайызга) облустарында төмөндөгөнү катталды.

**Тышкы экономикалык ишмердик.** 2018-жылдын январь-октябрында *экспорттук жөнөтүүлөрдүн* 2017-жылдын январь-октябрына салыштырмалуу 1,6 пайызга кыскарышы, алтынды жөнөтүүлөрдүн 16,5 пайызга төмөндөшү менен шартталды, экспорттук жөнөтүүлөрдүн жалпы көлөмүндөгү анын үлүшү 37,1 пайыздан 31,5 пайызга чейин азайды. Ошондой эле баалуу металлдардын рудаларын жана концентраттарын жөнөтүүлөр 15,0 пайызга, сүт жана сүт продукцияларын – 21,8

пайызга, автоунаалар жана тракторлор үчүн тетиктерди жана жабдыктарды – 22,7 пайызга, электрэнергиясы – 28,9 пайызга кыскарды.

Муну менен катар, цементти жөнөтүүнүн – 4,6 эсеге, кара металлдын калдыктары жана сыныктарынын – 2,5 эсеге, пахта буласынын - 1,7 эсеге, мунайзат продуктулары - 54,0 пайызга, кийимдерди - 19,6 пайызга, кургатылган буурчак жашылчаларын жөнөтүүнүн - 6,8 пайызга, жылмаланган айнек – 8,5 пайызга өсүшү белгиленди.

2018-жылдын январь-октябрында 2017-жылдын январь-октябрына салыштырмалуу *импорттук келип түшүүлөрдүн* көлөмүнүн жогорулашы кийимдерди ташып кирүүнүн - 1,6 эсеге, жемиштерди жана жаңгактарды ташып кирүүнүн - 1,6 эсеге, булгаарыдан жасалган буюмдарды ташып кирүүнүн - 1,4 эсеге, самын жана жуучу каражаттарды – 48,4 пайызга, кара металлды ташып кирүүнүн - 35,6 пайызга, алкоголдук ичимдиктерге жана алкоголсуз суусундуктарга - 35,3 пайызга, бут кийимдерди ташып кирүүнүн - 31,5 пайызга, жабдуулар жана механикалык түзүлүштөрдү – 26,1 пайызга, жер үстүндөгү транспорт каражаттарын ташып кирүүнүн - 13,9 пайызга көбөйүшү менен камсыздалды. Ошол эле убакта, сүт жана сут продукцияларын ташып кирүү көлөмдөрүнүн - 7,7 эсеге, дандарды – 1,9 эсеге, керамикалык буюмдарды – 2,0 эсеге, кант жана канттан жасалган кондитердик азыктарды - 16,3 пайызга, жер семирткичтерди – 13,2 пайызга, фармацевтикалык продукциянын - 11,0 пайызга, кара металл буюмдарын – 9,2 пайызга, мунайзат продуктуларынын - 4,5 пайызга төмөндөгөнү белгиленди.

2018-жылдын январь-октябрында *республиканын ЕАЭБдин мүчө-мамлекеттери менен өз ара соодасынын* көлөмү 1,9 млрд. АКШ долларын түздү жана 2017-жылдын январь-октябрына салыштырмалуу 4,0 пайызга  төмөндөдү.

Муну менен бирге товарлардын экспорту 1,2 пайызга өстү, ал эми импорттук келип түшүүлөр 5,5 пайызга төмөндөдү. ЕАЭБдин мүчө-мамлекеттери менен өз ара соодасынын олуттуу үлүшү Россияга (65,6 пайызы) жана Казакстанга (32,6 пайызы) туура келди.

2018-жылдын январь-октябрында Россиядан келип түшкөн товарлардын импортунун негизги үлүшүн келип түшкөн мунайзат продуктуларынын (36,9 пайыз), кара металл жана андан жасалган буюмдардын (8,3 пайыз), жаратылыш газы (2,9 пайыз) ээледи. Россияга жөнөтүлгөн товарлардын экспортунда кийимдер (38,3 пайыз), жездин калдыктары жана сыныктары (11,1 пайыз), жашылчалар жана жемиштер (8,2 пайыз), сүт жана сүт продукциялары (4,4 пайыз), баалуу металлдардын калдыктары жана сыныктары (3,6 пайызды)  ээледи.

Казакстандан товарлардын импортунда кара металл жана андан жасалган буюмдардын (11,9 пайыз), тамекинин (11,0 пайызга), мунайзат продуктуларынын (8,2 пайызга), минералдык жана газдалган таттуу суулар (5,0 пайызга), буудайдын (4,1 пайызга), таш көмүр (3,1 пайызга), ошондой эле цементтин (2,3 пайызга) келип түшүүсү басымдуулук кылды.

Казакстанга жөнөтүлгөн товарлардын экспортунда баалуу металлдардын рудалары жана концентраттары (39,3 пайызы), кийим (6,3 пайызы),  сүт жана сүт продукциялары (6,1 пайызы), жылмаланган айнек (5,4 пайызы), кант (4,9 пайызы),  нан жана нан азыктары (3,8 пайызы), ошондой эле автоунаалар жана тракторлор үчүн тетиктер жана жабдыктары (2,9 пайызы) негизги товарлар болду.

# Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү

## Ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Айыл чарбасынын дүң продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Негизги капиталга инвестиция
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



## Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## Номиналдык айлык орточо эмгек акы

*(сом)*




## Реалдуу эмгек акы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Импорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Экспорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## ЕАЭБга мүчө-мамлекеттерден болгон

## ЕАЭБга мүчө-мамлекеттер менен болгон

**импорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**экспорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Дүң жана чекене соода жүгүртүүсү
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Төраганын**
**биринчи орун басары** **Н.А. Чуйков**